Кубаныч Сатаев- *"Жан досум"*

Сөзү : Жылдызбек Турсунбаевдики
Обону : Кубаныч Сатаевдики

Армандар ичке толгонун,
Айтаарга адам болбоду.
Сыйлашып жүргөн достор көп,
Сырдаштан бирөө болгону.

КАЙЫРМА:
Достуктун шертин танбаган,
Дайыма колдоп, жандаган.
Түйшүктүү ушул жалганда,
Күйүттө бел болгон,
Күлкүгө дем болгон,
Досу жок деги барбы адам?
Айтчы, барбы адам?

Бак-дөөлөт консо башыңа,
Ким келбейт дос деп жаныңа.
Кыйналсаң анын бири жок,
Кан досуң чыдайт баарына.

КАЙЫРМА:
Жан досум мага көп айтты,
Кайратың болсун деп айтты.
Түйшүктүү ушул жалганда,
Сүйөөрүң көп болсун,
Санааң жок болсун,
Сабырың болсун деп айтты.
Досум көп айтты.

Кызмат дос, аш дос, акча дос,
Курчабайт сени канча дос.
Тар жолдо тизгин талашпас,
Табыла бербейт накта дос.

КАЙЫРМА:
Достуктун шертин танбаган,
Дайыма колдоп, жандаган.
Түйшүктүү ушул жалганда,
Күйүттө бел болгон,
Күлкүгө дем болгон,
Досу жок деги барбы адам?
Айтчы, барбы адам?